65
К

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ ШААРДЫК АЙМАКТЫК КОМИССИЯСЫ**

**ОШСКАЯ ГОРОДСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

723510, Ош шаары, Ленин коч. 221
тел./факс 5-53-44

723510, город Ош, ул. Ленина, 221
тел./факс 5-53-44

**ЧЕЧИМ №39**

2021-жылдын 14-июлу — Ош шаары

Катышышты:
Ош АШКнын төрагасы - Аттокуров У.Т.

мүчөлөрү – К.Маматов, А.Эркинов, Ж.Айтбаева, Т.Жумабаев, К.Эрмеков, Т.Шаванов, З.Жусупова, Б.Зарипбек уулу, М.Мусаев.

1. **"Ынтымак" саясий партиясынан талапкер Д.Мурзалиевдин арызы боюнча.**

**Угулду:** Ош АШКнын төрагасы У. Аттокуров – Урматтуу АШКнын мүчөлөрү, 2021-жылдын 13-июлунда "Ынтымак" саясий партиясынан талапкер катары катталган Мурзалиев Дастанбек Бактыбекович арыз менен кайрылган. Ал арызында Ош шаарында шайлоо ыплас өткөндүгүн, "Биздин Кыргызстан", "Бир Бол" жана "Улуттар Биримдиги" саясий партияларнын үгүттөөчүлөрү кармалгандыктары боюнча социалдык тармактарда маалыматтар тарагандыгына карабастан БШК, АШК эч кандай чара көрбөгөндүгү, БШК жана АШК мүчөлөрү түп тамыры менен алмашып, Ош шаардык кеңешине болгон шайлоону жыйынтыгын жокко чыгаруу көрсөтүлгөн.

Добуштарды сатып алуулар боюнча кармалган үгүттөөчүлөргө укук коргоо органдары тарабынан тергөө иштери жүрүп жаткандыгын, шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарууга негиз жоктугу белгиленди.

Жогорудагылардын негизинде Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, Д.Мурзалиевдин Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоону жокко чыгаруу сунушунан баш тартуу сунушу добушка коюлду.

**Макул – 9,** **Каршы – 1.**

Сунуш 9 добуш менен кабыл алынды.

**Ош аймактык шайлоо комиссиясы күн тартибиндеги маселени талкуулап**

**Чечим кылат:**

1. Ош шаардык кеңешинин депутаттарын кайталап шайлоону жокко чыгарууга негиз жок болгондугуна байланыштуу, Д.Мурзалиевдин Ош шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоону жокко чыгаруу сунушунан баш тартылсын.
2. Чечим Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына билдирилсин.

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын төрагасы** — **Аттокуров У.Т.**

**Ош шаардык шайлоо комиссиясынын катчысы** — **Исмайылова Б.А.**